| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО КЕНЕША** |

**Үч-Коргон айылдык кеңешинин кезектеги III сессиясы**

**№3/5 ТОКТОМ**

**20-январь 2025-ж** **Үч-Коргон айылы**

“Үч-Коргон” Муниципалдык ишканасынын жайыт бөлүмүнүн 2024-жылда аткарган иштери жана 2025-жылдын бюджетин, жамааттык планын бекитүү жөнүндө

“Үч-Коргон” Муниципалдык ишканасынын жайыт бөлүмүнүн 2025-жылга жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттык планы жана орто мөөнөттү 2025-2027-жылдарга планы. 2025-жылдын бюджети 2024-жыл 24-декабрындагы жалпы отчеттук чогулушу жана Кыргыз Республикасынын 2011-жыл 11-июнундагы №91 “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын 1-8 беренелерине жана Министрлер Кабинетинин №735 токтомуна таянып, Үч-Коргон айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. “Үч-Коргон” Муниципалдык ишканасынын жайыт бөлүмүнүн 2024-жылдын 24-декабрында жалпы отчеттук чогулушунда кабыл алынган, 2025-жылдын бюджети жана белгиленген тарифтер толугунча бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын 2011-жыл 11-июнундагы №91 “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын 1-8 беренелерине жана Министрлер Кабинетинин №735 токтомуна ылайык, “Үч-Коргон” Муниципалдык ишканасынын жайыт бөлүмүнүн 2024-жылга жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттык планы жана орто мөөнөттүү 2024-2026-жылдарга планы. 2024-жылдын бюджети 2023-жыл 24-декабрындагы жалпы отчеттук чогулушунун токтомдору бекитилсин.
3. Кыргыз Республикасы “Жайыттар жөнүндө ” мыйзамын 10 беренесине ылайык, 2025-жылга аныкталган жайыт жерлерин пайдалануу үчүн төмөнкүдөй жайыт акылары бекитилсин. Төлөнүүчү жер салыгы ушул жайыт акыларынын ичине киритилсин.

   1. Бодо мал 200 сом
   2. Анын ичинен 1 жашка чейинки 150сом
   3. Кой эчки 35 сом
   4. Жылкы 300 сом
   5. Анын ичинен 1 жашка чейинки 210 сом
   6. Топос 300 сом
   7. Анын ичинен 1 жашка чейинки 210 сом

КР “Жайыттар жөнүндөгү” 26-январь 2009-жылдагы №30 мыйзамынын 2,3-1,10 беренелерине ылайык, КР Өкмөтүнүн жайыт ресурстарын мал жайуу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берууну жонго салуу максатында КР Өкмөтүнүн 2013-жыл 13-сентябрь №515 токтому жана Министрлер Кабинетинин №735 токтому менен колдонууга алынсын жана ушул токтом менен

бекитилген типтүү ЖОБОдо көрсөтүлгөн келишим менен түздөн-түз келишим түзүү укугу “Үч-Коргон” Муниципалдык ишканасына ыйгарылсын.

Убактылуу мал тууручу жайлар, короолор убактылуу чабандык уйлөр кампа бастырма жана башка өндүрүштүк жайлар үчүн – 1 чм жайытке 10 сом жайыт акы белгиленсин. 0,01 жайыт аянты башка максаттарга пайдалануу үчүн 40 сом жайыт акы белгиленсин.

Үч-Коргон айыл аймагынан тышкары жайыт пайдалануучу жарандарынан 2 эсе жайыт акы белгиленсин.

Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн эсебинде калуучу 3/1 эсе жайыт акы кайра жайыт инфраструктурасы ондогоо өткөзүп берилсин.

Жайыттардын чек араларын белгилоо, жайыт акы чогултуу боюнча иш чаралардын баары “Үч-Коргон” Муниципалдык ишканасына жүктөлсүн.

4. Мамлекеттик жана социалдык төлөмдөр өтө зарыл учурларда административдик эсептен туз өткөрүүлсүн.

5. Ушул токтомдун аткарылышын козөмөлдөө жагы “Үч-Коргон” Муниципалдык ишканасынын директору А.А.Каримовго жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б.Бердибеков**

Бекитемин
Макулдашылды
Үч-Коргон Айылдык Кенешинин
төрагасы:
________ Б.Бердибеков
"20" ___01___ 2025-ж

Үч-Коргон айыл
өкмотүнүн башчысы:
________ О.Шакиров
"20" ___02___ 2025-ж

**Баткен облуса Кадамжай району Үч-Коргон жайыт комитетинин 2025-жылга карата бекитилген бюджети.**

| № | Малдын туру | Малдын саны | Которуу коэфиценты | Шарттуу Мал башы | Жайыт акысы | Баардык сумма |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Чон бодо мол | 256 | 1,0 | 256 | 200 | 51200 |
| 2 | Жаш бодо мал | 159 | 0,7 | 111,3 | 150 | 23850 |
| 3 | Кой эчки | 4860 | 0,2 | 972 | 35 | 170 000 |
| 4 | Жылкы | 40 | 1,0 | 40 | 300 | 12 000 |
| 5 | 1 жашке чейинки | 20 | 0,7 | 14210 | 210 | 4 200 |
| 6 | Топоз | 60 | 1,0 | 60 | 300 | 18 000 |
| 7 | 1 жашка чейинки жаш топостор | 20 | 0,7 | 14 | 210 | 4 200 |
| | **Жалпы мал жандыыктардан** | | | | | **2 834 50** |

**Жайыттарга башка максаттарга пайдалануу боюнча:**

Кыргыз Республикасынын ӨкмӨтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы №515 токтому жана Министрлер Кабинетинин №735 токтому менен бекитилген келишимн жана ЖОБО менен жургузулсун 0,01 га жайыт аянты учун 40 сом жайыт акы белгиленсин.Убактылуу мал туруучу жайлар чабандык уйлор короо бастырма тосмолор учун 1 ч.м жайыт аянтына 10 сом белгиленсин.

| | |
|---|---|
| **Жалпы мал жандыктардан** | **2 834 50** |
| **Жайыттарды башка максаттарга пайдалануудан тушуучу киреше** | **404 600** |
| **Жалпы киреша** | **688 050** |

| № | Чыгымдардын статьялары | Саны | Ай | 1-айга эмгек акы(сом) | 1-жылдык бардык сумма (сом) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Тораганын эмгек акысы | 1 | 12 | 8540 | 102480 |
| 2 | Инспектор | | 12 | 5694 | 68 328 |
| 3 | Соц фонд 17,25 % | | | | 35607 |
| 4 | ГСМ | | | | 70 000 |
| 5 | Жайыт инфраструктурасына<br>Ар турду чыгашалары | | | | 288 144-,50<br>123490,50 |
| | **Жалпы** | | | | **688 050** |

**«Үч-Коргон» Муниципалдык ишканасынын директору:** **А.А.Каримов**

**«Жайыт» болумунун болум башчысы:** **А.Будуев**